**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ТИЛ ИЛИМИ ИНСТИТУТУ**
**Д 10.05.299 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

*Кол жазма укугунда*
УДК: 809.434.1: 801.5 (043.3)

**ХИДИРОВА ЧОЛПОНАЙ ХАБИБУЛЛОЕВНА**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АТООЧТУКТАРДЫН СЕМАНТИКА- ГРАММАТИКАЛЫК КЫЗМАТЫ ЖАНА ДЕРИВАЦИЯЛЫК ТИПТЕРИ

Адистиги 10.02.01 – Кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2006

Диссертациялык иш Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз тили кафедрасында жана Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Тил таануу кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** КР илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын ээси, КР УИАнын корреспондент – мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **С.Ж.Мусаев**

**Расмий оппоненттер:** КР УИАнын корреспондент-мүчөсү филология илимдеринин доктору, профессор **А.Т.Турсунов**

филология илимдеринин кандидаты **Т.Т. Токоев**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тили кафедрасы

Диссертация 2006-жылдын 4-июлунда саат 10⁰⁰ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тил илими институтундагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 10. 05. 299- Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен КР Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2006-жылдын 2-июнунда жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты Б.А.Жайлообаев

# ИЛИМИЙ ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Түрк тилдериндеги атоочтуктардын морфологиялык табияты: атоочтуктарды уюштуруучу формалар, алардын маанилик өзгөчөлүктөрү жана классификацияланышы; атоочтук түрмөктөр, атоочтуктардын синтаксистик функциялары, тарыхый өнүгүшү сыяктуу маселелер бир топтон бери каралып келатканы менен, азыркы мезгилде дагы тереңирээк иликтөөнү талап кылууда.С.Ж.Мусаев белгилегендей, бир караганда жакшы эле иликтенип бүткөндөй болгон тилдик көрүнүштөр менен категориялар башка бир өңүттөн, башка бир аспектиден жаңы методдун жаңы мамиленин негизинде кайрадан терең иликтенүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Традициялык көзкараштарды жаңы көзкараашта карап, мурдагы эле фактыларды жаңы аспектиде иликтөөгө болот. Экинчиден, кыргыз тилиндеги атоочтуктардын семантика- грамматикалык табиятын жана синтаксистик функцияларын системалуу түрдө иликтөө иши бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелерден болуп саналат. Үчүнчүдөн, сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн изилдөө иште биринчи жолу колго алынды.

Изилдөөнүн **объектисин** кыргыз тилиндеги атоочтуктар, ал эми **предметин** алардын семантика-грамматикалык кызматы жана деривациялык типтери түзөт.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери.** Бул иштин **негизги максаты** - азыркы кыргыз тилиндеги атоочтуктардын табиятын дагы тереңирээк иликтеп,аларды семантика- грамматикалык жактан өзүнчө топторго бөлүштүрүп чыгуу аркылуу атоочтуктардын синтаксистик функцияларын, ошондой эле сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн системалуу түрдө иликтөө.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй маселелердин башын ачууну илимий иштин **негизги милдеттери** катары карайбыз:

1.Атоочтуктарды семантика-грамматикалык жактан классификациялап, алардын ар бирине морфологиялык мүнөздөмө берүү:

1) нагыз атоочтуктар;
2) затташкан атоочтуктар;
3) заттык функциядагы атоочтуктар:
   а) кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар же актанттык атоочтуктар;
   б) сирконстанттык атоочтуктар;
4) окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар.

2. Сүйлөмдүн тутумундагы атоочтуктардын синтаксистик кызматын, ар бир синтаксистик функциядагы (ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктоочтук) атоочтуктардын бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп, типтештирип чыгуу аркылуу системалуу түрдө иликтөө.

3. Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш, жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

Мындай негизги милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **кошумча милдеттерди** да аткаруу талапка жана максатка ылайыктуу деп эсептейбиз:

1.Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын морфологиялык табиятын жана атоочтук формалар жөнүндөгү маселени аныктап- тактоо.

2.Кыргыз тилиндеги атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай бөлүштүрүү (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү) жана алардын окшоштук-айырмачылыктарын аныктоо.

3.Атоочтук түрмөктөрдөн турган жайылма сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай классификациялоо.

4.Синтаксистик деривация жана алардын типтери жөнүндө түшүнүк берүү.

**Илимий иште анализге алынган факт-материалдар**. Иште азыркы учурдагы атоочтуктар иликтөөгө алынды. Ошондуктан акыркы мезгилдердеги публицистикалык жана көркөм чыгармалардан 20 000 минден ашуун карточка топтолду. Илимий иштин практикалык жана тарбиялык жагын арттыруу максатында макал-лакаптардан жана учкул ойлордон мисалдар көп келтирилди.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы**: бул эмгекте биринчи жолу кыргыз тилинин материалдарынын негизинде атоочтуктардын семантика-грамматикалык кызматын жана алардын деривациялык типтерин системалуу түрдө иликтөөгө аракет жасалды. Атоочтуктар семантика-грамматикалык жактан төрт топко бөлүштүрүлүп каралды. Алардын ичинен кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык, сирконстанттык жана окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктардын түркологияда биринчи жолу атоочтуктардын өзүнчө топтору катары иликтенишин да илимий иштин өзгөчө жаңылыгына киргизүүгө болот. Мындан сырткары, кыргыз тилиндеги атоочтуктар аркылуу уюшулган сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн окшоштуктары жана айырмачылыктары аныкталды. Сүйлөмдүн тутумундагы ар бир синтаксистик милдеттеги (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч) атоочтуктардын семантика-грамматикалык бөтөнчөлүктөрү жана деривациялык типтери белгиленди.

Кыргыз тил илиминде биринчи жолу жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн иликтөө иши колго алынды.

**Илимий иштин теориялык мааниси:** Биздин бул иликтөөбүз тилдин көп тармактары менен тикеден-тике байланышкан. Ошондуктан анын натыйжалары мындан аркы семантика- грамматикалык, функционалдык-грамматикалык, структуралык-синтаксистик, синтаксистик-стилистикалык изилдөөлөргө таяныч болуп, тил илиминин өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет деген ойдобуз.

**Илимий иштин практикалык мааниси** катары иликтөөнүн жыйынтыктарын кыргыз тилинин морфологиялык системасынын жана синтаксистик тутумунун андан аркы изилденишинде колдонуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүгө болот. Диссертациянын материалдарын сөздүктөрдү, азыркы кыргыз тили боюнча окуу куралдарын (жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жана мектеп окуучулары үчүн) окуу методикалык көрсөтмөлөрдү түзүүдө жана лекциялык курстарды даярдоодо, атайын семинарларды жана практикалык сааттарды өткөрүүдө пайдаланууга болот.



**Изилдөөнүн методологиялык негизин** тилди өз ара бири-бири менен ар тараптуу карым-катышта турган элементтердин системасы катары түшүндүргөн диалектикалык көзкараш түзсө, проблемага тиешелүү жалпы түркологиялык адабияттарда айтылган жоболор биздин изилдөөгө илимий-теориялык таяныч болду. Илимий ишти жазууда *сыпаттама, салыштырма* жана *индукция, дедукция* **методдору** колдонулду.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор:**

1.Атоочтуктар – кыймыл- аракеттик- белгилик же кыймыл- аракеттик-нерселик маанини туюндурган синкреттүү табиятка ээ этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы.

2.Атоочтуктар семантика- грамматикалык жактан нагыз атоочтуктар, толук затташкан атоочтуктар, заттык функциядагы атоочтуктар (кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар жана сирконстанттык атоочтуктар), окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар делип бөлүштүрүлөт. Алардын сүйлөм ичинде аткарган синтаксистик функциялары ар кыл.

3.Атоочтуктар этиштин жак категориясы боюнча өзгөрбөйт, демек, *этиштик сүйлөмдөрдө* баяндоочтук милдет аткарбайт. Тескерисинче, ээси да, баяндоочу да атооч жөндөмөсүндө турган атоочтук сүйлөмдөрдө гана толук затташкан атоочтуктар менен кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар баяндоочтук милдет аткарат.

4.Атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрү түзүлүшүнө карай жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөр болуп бөлүнөт.

5.Синтаксистик деривация лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорго байланыштуу. Анын негизги механизмдерине трансформация, кеңейтүү, перифразалаштыруу жана каузация процесстери кирет.

6.Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалуу жолдору бири-биринен айырмалуу өзгөчөлүктөргө ээ.

**Иштин апробациясы.** Иликтөөнүн негизги жыйынтыктары Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз тили кафедрасынын жыйындарындагы баяндамаларда, аталган окуу жайынын профессордук-педагогикалык жамаатынын илимий- практикалык конференцияларында (1998), жаш окумуштуулар жана аспиранттардын 3- республикалык илимий конференциясында (Бишкек,1999), Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференцияда (Сүлүктү,1999), Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган регионалдык илимий- практикалык конференцияда (Бишкек,2003), жогорку окуу жайларынын илимий-практикалык басылмаларында ( Бишкек,1999,2004), «Эл агартуу» илимий-педагогикалык

3. Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш, жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

Мындай негизги милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **кошумча милдеттерди** да аткаруу талапка жана максатка ылайыктуу деп эсептейбиз:

1.Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын морфологиялык табиятын жана атоочтук формалар жөнүндөгү маселени аныктап- тактоо.

2.Кыргыз тилиндеги атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай бөлүштүрүү (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү) жана алардын окшоштук-айырмачылыктарын аныктоо.

3.Атоочтук түрмөктөрдөн турган жайылма сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай классификациялоо.

4.Синтаксистик деривация жана алардын типтери жөнүндө түшүнүк берүү.

**Илимий иште анализге алынган факт-материалдар**. Иште азыркы учурдагы атоочтуктар иликтөөгө алынды. Ошондуктан акыркы мезгилдердеги публицистикалык жана көркөм чыгармалардан 20 000 минден ашуун карточка топтолду. Илимий иштин практикалык жана тарбиялык жагын арттыруу максатында макал-лакаптардан жана учкул ойлордон мисалдар көп келтирилди.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы**: бул эмгекте биринчи жолу кыргыз тилинин материалдарынын негизинде атоочтуктардын семантика-грамматикалык кызматын жана алардын деривациялык типтерин системалуу түрдө иликтөөгө аракет жасалды. Атоочтуктар семантика-грамматикалык жактан төрт топко бөлүштүрүлүп каралды. Алардын ичинен кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык, сирконстанттык жана окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктардын түркологияда биринчи жолу атоочтуктардын өзүнчө топтору катары иликтенишин да илимий иштин өзгөчө жаңылыгына киргизүүгө болот. Мындан сырткары, кыргыз тилиндеги атоочтуктар аркылуу уюшулган сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн окшоштуктары жана айырмачылыктары аныкталды. Сүйлөмдүн тутумундагы ар бир синтаксистик милдеттеги (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч) атоочтуктардын семантика-грамматикалык бөтөнчөлүктөрү жана деривациялык типтери белгиленди.

Кыргыз тил илиминде биринчи жолу жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн иликтөө иши колго алынды.

**Илимий иштин теориялык мааниси:** Биздин бул иликтөөбүз тилдин көп тармактары менен тикеден-тике байланышкан. Ошондуктан анын натыйжалары мындан аркы семантика- грамматикалык, функционалдык-грамматикалык, структуралык-синтаксистик, синтаксистик-стилистикалык изилдөөлөргө таяныч болуп, тил илиминин өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет деген ойдобуз.

**Илимий иштин практикалык мааниси** катары иликтөөнүн жыйынтыктарын кыргыз тилинин морфологиялык системасынын жана синтаксистик тутумунун андан аркы изилдениишинде колдонуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүгө болот. Диссертациянын материалдарын сөздүктөрдү, азыркы кыргыз тили боюнча окуу куралдарын (жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жана мектеп окуучулары үчүн) окуу методикалык көрсөтмөлөрдү түзүүдө жана лекциялык курстарды даярдоодо, атайын семинарларды жана практикалык сааттарды өткөрүүдө пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** тилди өз ара бири-бири менен ар тараптуу карым-катышта турган элементтердин системасы катары түшүндүргөн диалектикалык көзкараш түзсө, проблемага тиешелүү жалпы түркологиялык адабияттарда айтылган жоболор биздин изилдөөгө илимий-теориялык таяныч болду. Илимий ишти жазууда *сыпаттама, салыштырма* жана *индукция, дедукция* **методдору** колдонулду.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор:**

1.Атоочтуктар – кыймыл- аракеттик- белгилик же кыймыл- аракеттик-нерселик маанини туюндурган синкреттүү табиятка ээ этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы.

2.Атоочтуктар семантика- грамматикалык жактан нагыз атоочтуктар, толук затташкан атоочтуктар, заттык функциядагы атоочтуктар (кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар жана сирконстанттык атоочтуктар), окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар делип бөлүштүрүлөт. Алардын сүйлөм ичинде аткарган синтаксистик функциялары ар кыл.

3.Атоочтуктар этиштин жак категориясы боюнча өзгөрбөйт, демек, этиштик сүйлөмдөрдө баяндоочтук милдет аткарбайт. Тескерисинче, ээси да, баяндоочу да атооч жөндөмөсүндө турган атоочтук сүйлөмдөрдө гана толук затташкан атоочтуктар менен кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар баяндоочтук милдет аткарат.

4.Атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрү түзүлүшүнө карай жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөр болуп бөлүнөт.

5.Синтаксистик деривация лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорго байланыштуу. Анын негизги механизмдерине трансформация, кеңейтүү, перифразалаштыруу жана каузация процесстери кирет.

6.Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалуу жолдору бири-биринен айырмалуу өзгөчөлүктөргө ээ.

**Иштин апробациясы.** Иликтөөнүн негизги жыйынтыктары Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз тили кафедрасынын жыйындарындагы баяндамаларда, аталган окуу жайынын профессордук-педагогикалык жамаатынын илимий- практикалык конференцияларында (1998), жаш окумуштуулар жана аспиранттардын 3- республикалык илимий конференциясында (Бишкек,1999), Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференцияда (Сүлүктү,1999), Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган регионалдык илимий- практикалык конференцияда (Бишкек,2003), жогорку окуу жайларынын илимий-практикалык басылмаларында ( Бишкек,1999,2004), «Эл агартуу» илимий-педагогикалык

3. Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш, жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

Мындай негизги милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **кошумча милдеттерди** да аткаруу талапка жана максатка ылайыктуу деп эсептейбиз:

1.Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын морфологиялык табиятын жана атоочтук формалар жөнүндөгү маселени аныктап- тактоо.

2.Кыргыз тилиндеги атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай бөлүштүрүү (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү) жана алардын окшоштук-айырмачылыктарын аныктоо.

3.Атоочтук түрмөктөрдөн турган жайылма сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай классификациялоо.

4.Синтаксистик деривация жана алардын типтери жөнүндө түшүнүк берүү.

**Илимий иште анализге алынган факт-материалдар**. Иште азыркы учурдагы атоочтуктар иликтөөгө алынды. Ошондуктан акыркы мезгилдердеги публицистикалык жана көркөм чыгармалардан 20 000 минден ашуун карточка топтолду. Илимий иштин практикалык жана тарбиялык жагын арттыруу максатында макал-лакаптардан жана учкул ойлордон мисалдар көп келтирилди.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы**: бул эмгекте биринчи жолу кыргыз тилинин материалдарынын негизинде атоочтуктардын семантика-грамматикалык кызматын жана алардын деривациялык типтерин системалуу түрдө иликтөөгө аракет жасалды. Атоочтуктар семантика-грамматикалык жактан төрт топко бөлүштүрүлүп каралды. Алардын ичинен кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык, сирконстанттык жана окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктардын түркологияда биринчи жолу атоочтуктардын өзүнчө топтору катары иликтенишин да илимий иштин өзгөчө жаңылыгына киргизүүгө болот. Мындан сырткары, кыргыз тилиндеги атоочтуктар аркылуу уюшулган сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн окшоштуктары жана айырмачылыктары аныкталды. Сүйлөмдүн тутумундагы ар бир синтаксистик милдеттеги (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч) атоочтуктардын семантика-грамматикалык бөтөнчөлүктөрү жана деривациялык типтери белгиленди.

Кыргыз тил илиминде биринчи жолу жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн иликтөө иши колго алынды.

**Илимий иштин теориялык мааниси:** Биздин бул иликтөөбүз тилдин көп тармактары менен тикеден-тике байланышкан. Ошондуктан анын натыйжалары мындан аркы семантика- грамматикалык, функционалдык-грамматикалык, структуралык-синтаксистик, синтаксистик-стилистикалык изилдөөлөргө таяныч болуп, тил илиминин өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет деген ойдобуз.

**Илимий иштин практикалык мааниси** катары иликтөөнүн жыйынтыктарын кыргыз тилинин морфологиялык системасынын жана



синтаксистик тутумунун андан аркы изилденишинде колдонуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүгө болот. Диссертациянын материалдарын сөздүктөрдү, азыркы кыргыз тили боюнча окуу куралдарын (жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жана мектеп окуучулары үчүн) окуу методикалык көрсөтмөлөрдү түзүүдө жана лекциялык курстарды даярдоодо, атайын семинарларды жана практикалык сааттарды өткөрүүдө пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** тилди өз ара бири-бири менен ар тараптуу карым-катышта турган элементтердин системасы катары түшүндүргөн диалектикалык көзкараш түзсө, проблемага тиешелүү жалпы түркологиялык адабияттарда айтылган жоболор биздин изилдөөгө илимий-теориялык таяныч болду. Илимий ишти жазууда *сыпаттама, салыштырма* жана *индукция, дедукция* **методдору** колдонулду.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор:**

1.Атоочтуктар – кыймыл- аракеттик- белгилик же кыймыл- аракеттик-нерселик маанини туюндурган синкреттүү табиятка ээ этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы.

2.Атоочтуктар семантика- грамматикалык жактан нагыз атоочтуктар, толук затташкан атоочтуктар, заттык функциядагы атоочтуктар (кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар жана сирконстанттык атоочтуктар), окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар делип бөлүштүрүлөт. Алардын сүйлөм ичинде аткарган синтаксистик функциялары ар кыл.

3.Атоочтуктар этиштин жак категориясы боюнча өзгөрбөйт, демек, этиштик сүйлөмдөрдө баяндоочтук милдет аткарбайт. Тескерисинче, ээси да, баяндоочу да атооч жөндөмөсүндө турган атоочтук сүйлөмдөрдө гана толук затташкан атоочтуктар менен кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар баяндоочтук милдет аткарат.

4.Атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрү түзүлүшүнө карай жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөр болуп бөлүнөт.

5.Синтаксистик деривация лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорго байланыштуу. Анын негизги механизмдерине трансформация, кеңейтүү, перифразалаштыруу жана каузация процесстери кирет.

6.Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалуу жолдору бири-биринен айырмалуу өзгөчөлүктөргө ээ.

**Иштин апробациясы.** Иликтөөнүн негизги жыйынтыктары Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз тили кафедрасынын жыйындарындагы баяндамаларда, аталган окуу жайынын профессордук-педагогикалык жамаатынын илимий- практикалык конференцияларында (1998), жаш окумуштуулар жана аспиранттардын 3- республикалык илимий конференциясында (Бишкек,1999), Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференцияда (Сүлүктү,1999), Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган регионалдык илимий- практикалык конференцияда (Бишкек,2003), жогорку окуу жайларынын илимий-практикалык басылмаларында ( Бишкек,1999,2004), «Эл агартуу» илимий-педагогикалык

журналында (2000), БГУнун жана КМУУ, «Дастан» ТУнун «Жарчы» (2004, 2006) журналдарында берилген.

Диссертация Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Тил таануу кафедрасынын жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз тили кафедрасынын кеңейтилген жыйынында, КР УИАнын Окумуштуулар кеңешинин жыйынында талкууланып, коргоого сунуш кылынган.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** Диссертациялык иште баяндалган жана алып чыккан негизги жоболору изилдөөчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

**Илимий иштин структурасы**: Иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЛИМИЙ ИШТИН МАЗМУНУ

**Киришүү**дө изилдөөнүн актуалдуулугу негизделип, илимий иштин максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү белгиленди. Ошондой эле, түрк тилдериндеги атоочтуктардын изилдениш тарыхынан кыскача маалымат берилип, этаптарга бөлүштүрүлүп каралды.

***I бөлүм* «Атоочтуктар жана алардын семантика- грамматикалык классификациясы» деп аталып,** анда атоочтуктардын морфологиялык табиятына байланыштуу айрым актуалдуу проблемалар иликтенип, атоочтуктардын семантика-грамматикалык классификациясы берилди.

Атоочтуктар – заттын кыймыл-аракеттик белгисин билдирип, грамматикалык жактан бир эле мезгилде кыймыл-аракеттик-белгилик же кыймыл-аракеттик-заттык касиетке ээ болгон синкреттүү табияттагы, өзүнө тийиштүү грамматикалык формалары бар этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы. Алар туунду жана тубаса этиштерге **–ган, -ар, -бас, -оочу/ -уучу, -а ( -е -й) +элек, -гылык, -гыс, -гандай, -гыдай** мүчөлөрүнүн жалганып келиши аркылуу жасалат.

Кыргыз тилиндеги атоочтук формаларды колдонулуш өзгөчөлүгүнө карай төмөнкүдөй эки топко бөлүүгө болот:

1) өнүмдүү формалар: **-ган, -ар, -бас, -оочу/ -уучу, -а** +**элек;**

2) аз өнүмдүү формалар: **-гандай, -гылык, -гыс,-гыдай.**

Түзүлүшүнө карай атоочтук формалар жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Синтетикалык татаал атоочтук формаларга **–оочу/ -уучу, -гандай** мүчөлөрү кирет. Аналитикалык татаал формасына **-а+ элек** формасы кирет.

Семантика-грамматикалык касиетине карай атоочтуктар төмөнкүдөй эки топко бөлүнөт.

1.**Негизги атоочтуктар**-бир эле мезгилде этиштик да, атоочтук да ( сын атоочтук же зат атоочтук) касиетке ээ болуп, сүйлөмдө аныктоочтук функциядан башка функцияларда да келе берүүчү жана бул милдеттердин баарында атоочтуктарга мүнөздүү болгон синкреттүүлүк табиятын дайыма сактап туруучу атоочтуктар. Алар **-ган, -ар, -бас, -оочу / -уучу, -а (-е-й)+элек, -гандай, -гыдай** формалары аркылуу жасалат. Мисалы:Кылык-жорук ойлогон



ойдун жемиши («Ой гүлдөрү»). Дүйшө болор-болбос баш ийкеди (Ч.А.). Жер караган жеңе албайт (Макал).

2.**Функционалдык атоочтуктар** – аныктоочтук милдетте гана атоочтук касиетке ээ болуп, ал эми башка учурларда башка сөз түркүмдөрүнө жакындашып, аларга өтүп кетүүчү сөздөр. Аларга **–гылык, -гыс** мүчөлөрү менен жасалган атоочтуктар кирет.Мисалы:1.Ит тургулук жер эмес. 2. Көргүлүктү көрөсүң. Биринчи мисалда **-гылык** мүчөсү менен келген сөз атоочтук, ал эми экинчи мисалда зат атооч болуп турат.

Кыргыз тилинде, бардык башка түрк тилдериндегидей эле, негизги атоочтуктар өтө жыш колдонулат. Бирок кепте колдонулган негизги атоочтуктардын семантика-грамматикалык табияты бирдей эмес, дифференциалдуу мүнөзгө ээ. Ошондуктан биз аларды семантика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ич ара төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүп карайбыз:

1) нагыз атоочтуктар;
2) затташкан атоочтуктар;
3) заттык функциядагы атоочтуктар:
   а) кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар;
   б) сирконстанттык атоочтуктар;
4) окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар.

**Нагыз атоочтуктар** – бир эле мезгилде кыймыл- аракеттик да, белгилик да маанини камтып, тигил же бул аныкталгыч сөздү аныктап келип, анын кыймыл-аракеттик белгисин билдирип, **кандай? кайсы? канткен?** деген сыяктуу суроолорго жооп берип турган атоочтуктар. Алар **-ган, -ар, -бас, -оочу / -уучу, -а (- е -й)+элек** формалары аркылуу жасалат. Нагыз атоочтуктарга жөндөмө жана жак-таандык мүчөлөрү жалганбайт. Алар дайыма атооч жөндөмө формасында гана туруп, сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Оюжакшынын иштеген иши да жакшы. Берүүчү кишиге бешөө көп, алуучу кишиге алтоо аз (Макал). Беттешер киши жок болуп, бекзадаанын баарысы каршысынан чыкпады («Манас»). Кыязы кагыла элек жигит (К.Ө.).

**Толук затташкан атоочтуктар** нагыз атоочтуктардын затташып келиши аркылуу жасалат. Тактап айтканда, нагыз атоочтуктар аныктап турган аныкталгычтар сүйлөм тизмегинен түшүрүлүп айтылганда, атоочтуктар алардын грамматикалык формаларын кабыл алуу менен заттык мааниге өтөт. Бул учурда алар нагыз атоочтуктардан айырмаланып, кыймыл-аракет менен заттык касиетке ээ болуп калат, б.а., зат атоочтор сыяктуу номинативдик касиетке ээ болуп, кыймыл-аракет заттын аты же обьектиси катары көрсөтүлөт. Затташкан атоочтуктар жөндөмө, көптүк, таандык категориялары боюнча өзгөрүп, сүйлөмдө заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрү сыяктуу эле, негизинен, ээлик жана толуктоочтук милдеттерди аткарат. Мисалы: Калп сүйлөгөндү калк кадырлабайт. Ата-энеси өлүмгө таштап кеткен багар-көрөрү жок, жардам берери жок, канаты сынык байкуш Ак моюн кантер айласын таппай көлчүк суугa нары-бери сүзөт (М.Б.). А бала бул олтургандардын ой-зардалы, күйүтүнөн капарсыз уктап жатат (Ө.Д.). Өлбөстү теңир жаратпайт, сынбасты адам жаратпайт.

затташкан атоочтук, толуктооч) кош көрүнөт. Корккон (кандай? – нагыз атоочтук, аныктооч) адамга кош көрүнөт.

Ал эми сирконстанттык атоочтуктар аныкталгычтары менен бирге келгенде да ошол маанисинде калып, аныкталгычтары менен бирге бир суроого жооп берип, бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат: Салыш: 1. Илээндинин малы көчкөндө (качан? – мезгил бышыктооч) жок болот. Илээндинин малы көчкөн убакта (качан? – мезгил бышыктооч) жок болот. 2.Адам ооруганга чейин (качанга чейин? – мезгил бышыктооч) ден-соолуктун кадырын билбейт. - Адам ооруган мезгилге чейин (качанга чейин? – мезгил бышыктооч) ден-соолуктун кадырын билбейт.

Мындан затташкан атоочтуктар менен сирконстанттык атоочтуктардын кийинки айырмачылыктары келип чыгат:

2. Затташкан атоочтуктар маанилик, грамматикалык жактан толук затташса, сирконстанттык атоочтуктар логикалык жактан гана затташат. Натыйжада алардын үчүнчү айырмачылыгы келип чыгат.

3.Затташкан атоочтуктарда заттык маани басымдуу болсо, В.В.Виноградовдун сөзү менен айтканда, «предметтештирилсе» (Виноградов, 1974, 284), сирконстанттык же заттык функциядагы атоочтуктарда кыймылдык маани басымдуу болот. Мисалы: Үстүндөгү кийгени (кийими-эмнеси? – затташкан атоочтук) карала-торала (Т.С.). Берерим (эмнем-нерсем, затташкан атоочтук) жок ага (Т.С.). Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат (Макал). Осмонбек ажыга кетеринде (качан? – сирконстанттык атоочтук) болуш шайлатып кеткен (Т.К.).

4.Затташкан атоочтуктардын аныкталгычтары контекстте конкреттүү болсо, сирконстанттык атоочтуктардын аныкталгычтары ага караганда абстракттуу болот. Натыйжада затташкан атоочтуктар түздөн-түз аныкталгычтарды талап кылса, сирконстанттык атоочтуктар түздөн-түз аныкталгычтарды талап кылбайт. Анткени логикалык аныкталгычтардын мааниси сирконстанттык атоочтуктардын грамматикалык формаларында камтылган болот. Мисалы: Салыш: Май кармаган (ким? затташкан атоочтук, "адам" деген затты талап кылып турат) бармагын жалайт (Макал). Бутунан жаңылган (ким? затташкан атоочтук) турат, тилинен жаңылган (затташкан атоочтук) турбайт. –Карыганда (качан? –аныкталгычты түздөн-түз талап кылбайт, сирконстанттык атоочтук) көр дөөлөттү (Макал). Адегенде учкашпа, учкашкандан кийин ( качан? – сирконстанттык атоочтук) түшө качпа (Макал).

5.*Затташкан атоочтуктар бардык жөндөмөлөрдө келе берет.* Аларга кайсыдыр бир деңгээлде жөндөмө категориясы тиешелүү. Ал эми сирконстанттык атоочтуктар жатыш жөндөмөдө, ошондой эле, жандоочтор менен функционалдык кызматчы сөздөр менен айкалышып келгенде атооч, барыш, чыгыш жөндөмөлөрдө келет, бирок мындан сирконстанттык атоочтуктарга да жөндөлүш мүнөздүү деген жыйынтыкка келүүгө болбойт, бул учурда жөндөлүш жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес.

Катуу жарадар болгондон кийин (качан? чыгыш жөндөмөдө келген) Теке ал тилегине жете албачудай сыздады, өкүндү (Т.С.). – Эгерде бул сүйлөмдөгү атоочтукка барыш жөндөмөнүн мүчөсүн жалгасак, ага айкашып келген жандооч



да өзгөрөт (*чейин*) да, сүйлөмдүн мааниси да такыр өзгөрүп кетет. Катуу жарадар болгонго чейин Теке ал тилегине жете албачудай сыздады, өкүндү. Бул сирконстанттык атоочтуктардын жөндөлбөй тургандыгына ачык далил боло алат.

6.Затташкан атоочтуктар сүйлөмдө, негизинен, ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Чөгүп бара жаткан бир тал чөпкө жабышат (Макал). Ар бир иштин жүйөсү билгенге оңой, билбегенге кыйын (Макал). Айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман (Макал).

Ал эми сирконстанттык атоочтуктар бышыктоочтук жана багыныңкы сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарат: Кечинде барганда үйдө бут коёр жер жок (М.Б.). Ал минтип тоонун турмушуна шек келтиргенде, Рахман шаарды жамандачу (М.Б.). Азоодон жыгылган сайын Жаш-Тегин ушул жемени укчу (Т.С.). Касымжан шашкан бойдон газигине отуруп, рулду чукул буруп, түз эле районду көздөй жүрүп кетти (Э.Т.).

Сирконстанттык атоочтуктар жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн составында өтө кеңири колдонулат.

**Окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар.** **Т**игил же бул чактагы кыймыл-аракетке байланыштуу болгон окшоштурулган, салыштырылган, болжолдонгон маанини өзү аныктап, тактап турган заттын, субъектинин белгиси же субъектинин негизги кыймыл-аракетинин кошумча белгиси катары көрсөтүп, **кандай? кантип?** деген суроолорго жооп берип турган атоочтуктардын өзгөчө тобу окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар деп аталат. Алар синтетикалык (-гандай, -чудай, -а + электей), синтетика- аналитикалык (-ган + -га+ окшош) жана аналитикалык (-ган сыяктуу, сымал, сымак, таризде, түрдө) ыктар менен жасалып, сүйлөмдө аныктоочтук жана бышыктоочтук милдеттерди аткарат. Мисалы: Атайын кол менен жасап койгондой үңкүрлөр, тоо текенин, арстан, жолборстун түстөрүнө окшогон таштар турат (Ө.Д.). Амал палбан Орозаалы чалды ушу турган жеринен бир чайнап, жутуп койчудай акырая тиктеди (Ө.Д.). Ал басыңкы гудокко ачуулангандай айбаттуу үн жооп берди (М.Б.).

Синтетикалык жол менен жасалган окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар башка семантика-грамматикалык топтордогу атоочтуктарга караганда нагыз атоочтуктарга жакыныраак. Биринчиден, нагыз атоочтуктар да **кандай?** деген суроого жооп берип, сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарат. Экинчиден, экөө тең заттын, субъектинин кыймыл-аракеттик белгисин туюндурат. Үчүнчүдөн, экөө тең жөндөмөлөр боюнча өзгөрбөйт. Бирок,окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар нагыз атоочтуктардан айырмаланып, так эмес, окшоштурулган, болжолдонгон, салыштырылган кыймыл - аракет, ал-абал менен байланыштуу болгон белгини билдирет.

Окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар сын атоочторго өтө жакын, бирок аларды сын атооч деп эсептөөгө мүмкүн эмес, анткени аларда семантикалык жагынан да, грамматикалык жагынан да этиштик негизги касиеттер сакталып турат, б.а., алар өзүнүн алдындагы сөздү жөндөмө

мүчөлөрү боюнча башкаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ, мамиле, ыңгай мүчөлөрүн кабыл алат, чактык маанини билдирет.

***II бөлүм «Атоочтуктардын синтаксистик кызматы»*** **-** атоочтуктардын ар кандай синтаксистик функциялардагы (ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч) семантикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүн системалуу түрдө типтештирип иликтөөгө арналат.

Атоочтуктардын синтаксистик кызматын иликтеген окумуштуулар атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай бөлүштүрүүдө өтө ар түрдүү пикирлерди айтышат. Алтай тилиндеги атоочтуктарды иликтеген В.Н.Тадыкин жөнөкөй сүйлөмдүн составында атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай «жөнөкөй сүйлөм мүчөлөрү», «атоочтук оборот», жана «жайылма мүчөлөр» (развёрнутые члены) деп үчкө бөлүп карайт (Тадыкин, 1971, 155-160). Ж.Болатов атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшү боюнча «жөнөкөй, «татаал», «жайылма мүчө» деп үчкө бөлөт (Болатов, 1955,5-10). Ал эми каракалпак тилиндеги атоочтуктарды иликтеген Д.С.Насыров атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшү боюнча жөнөкөй («дара») жана жайылма («кеңейтилген») деп экиге бөлөт (Насыров, 1964, 57-61). Биз атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрүн түзүлүшүнө карай жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү деп үч топко бөлүп карайбыз. Жөнөкөй жана татаал атоочтуктардан түзүлүп, өз алдынча лексикалык бир бүтүн маанини билдирип турган сүйлөм мүчөсү жөнөкөй сүйлөм мүчөсү катары каралат. Мисалы: Шашкан коён аңга батпайт, аңга батса да, жөн жатпайт. Болор-болбос иш үчүн урушпа. Айна тигип жаткан көйнөгүн ары койду.

Айрым толук маанилүү сөздөр (тактооч) жана кошумча каражаттар (кызматчы сөздөр, лексикалык конкретизаторлор жана функционалдык жардамчы сөздөр) менен өз ара ажырагыс биримдикте айкашып келип, бир суроого жооп берип, бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган жөнөкөй жана татаал атоочтуктар,ошондой эле, атоочтуктар менен аяктаган туруктуу сөз айкаштары тутумдаш сүйлөм мүчөсү болуп эсептелет. Атоочтуктардан турган тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүн жалпысынан төмөнкүдөй төрт топко бөлүп кароого болот:

1. Атоочтуктар менен кызматчы сөздөрдүн айкашынан турган тутумдаш сүйлөм мүчөлөрү. Мисалы: Жайылган бойдон мал калды, сайылган бойдон тал калды («Манас»). Жалаң ырдай тургандар барышты (ооз.к.). Элүү жашка чыкканча бул эч кылбаган иши экен («Манас»).

2.Аякки компоненти атоочтуктар менен аяктаган туруктуу сөз айкаштарынан түзүлгөн тутумдаш сүйлөм мүчөлөрү. Мисалы, Маанайы жанып тургандар ага өз уул – кыздарындай көрүндү (Ө.Д.). Алар укум-тукуму менен колунан көөрү төгүлгөн усталар болушкан.

3. Атоочтуктар менен функционалдык жардамчы сөздөрдүн айкашынан турган тутумдаш сүйлөм мүчөлөрү. Мисалы: 1. Ал Көр-Шерматты таң калган тариздe элтейип көпкө тиктеди (Т.К.). 2. Менин тор жоргомду каалаган чагында мин (А.С.). Оржемил деген дарысын жутуп алды баарысын («Манас»).



4.Айрым толук маанилүү сөздөр жана лексикалык конкретизаторлор менен атоочтуктардын ажырагыс айкашынан түзүлгөн тутумдаш сүйлөм мүчөлөрү. Мисалы: Таш түшкөн жеринде оор (Макал). Барар күнү мага жолуккун. Көп бергенден тез бергени артык (Макал).

Жайылма мүчө деп жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда эки же андан ашык толук маанилүү сөздөрдүн тыгыз байланышынан түзүлгөн же жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн трансформацияланышынан түзүлгөн синтаксистик конструкциялардан (атоочтук, чакчыл, кыймыл атоочтук түрмөктөрдөн; зат атооч жана заттык маанидеги сөздөр менен айкашып келүүчү **аз, көп, бар, жок** деген сөздөрдөн, ошондой эле, **экен, экендик** сыяктуу жардамчы этиштер менен аяктаган конструкциялардан) туруп, синтаксистик бир бүтүндүк катары бир суроого жооп берип, бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган сүйлөм мүчөсүн айтабыз. Мисалы: Тарыхтын акыр-чикир сала турган себети жок (“Залкар ойлор”). Майданга бара жатып артын кылчактаган жоокерден баатыр чыкпайт (“Залкар ойлор”).

Сүйлөмдүн тутумунда жайылма сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган атоочтук түрмөктөр ( АТ ) семантика- грамматикалык жана структуралык жактан төмөнкүчө классификацияланат.

А. Жөнөкөй АТ.

I.Жалаң ядролук компоненттерден турган АТ.

I.1. Логикалык субъект + атоочтук тибиндеги АТ.

I.1.1.Номинативдүү формадагы (атооч жөндөмөсүндөгү) логикалык субъект + атоочтук тибиндеги АТ. Мисалы: Сен айткан туура чыкты (ооз.к.). Көңүлү чөккөн көжө ичкенге жарабайт (Макал).

I.1.2.Номинативдүү эмес формадагы (илик жөндөмөсүндөгү) логикалык субъект + атоочтук тибиндеги АТ: Эненин күйүп жатканы тиги маңкуртка чымын чакканчалык да болбоду (Ч.А.).

I.2.Логикалык объект +атоочтук тибиндеги АТ: Үй уурдаган жылкы уурдагандан башталат. Жакшыны көргөн, жаманды бөлгөн – бул акылмандык (Макал).

I.3.Логикалык сирконстант + атоочтук тибиндеги АТ: Учурунда эгилген – учурунда көктөйт.

II. Кошумча компоненттүү АТ.

II.1.Кошумча компонент + 1-ядролук компонент + атоочтук тибиндеги АТ: Көз алдында бирөөнү ушактаган адам бирөөлөрдүн арасында сени дагы ушактарын эсиңе туткун («Ой гүлдөрү»).

II.2. 1-ядролук компонент + кошумча компонент + атоочтук тибиндеги АТ: Адамдарга чын дилинен мээрим көрсөткөн жан - өз жашоосунда курсантчылык менен эркин жана бактылуу өмүр сүрөт.

II.3.Кошумча компонент + 1-ядролук компонент+кошумча компонент + атоочтук тибиндеги АТ: Опурталдуу ишке катуу чечкиндүүлүк кыла албаган адам арзуусуна жете албайт ( «Ой гүлдөрү»).

Б. Татаалдашкан АТ.

1. АТ аркылуу татаалдашкан АТ: Кырсык чалып турганда да өз милдетин унутпаган улуу иш («Залкар ойлор»).

2. Чакчыл түрмөктөр аркылуу татаалдашкан АТ: Сактануу чараларын көрбөй туруп, казатка кирип кетип жарадар болгондор өзүн- өзү жазаласа болот («Ой гүлдөрү»).

3. Кыймыл атоочтук түрмөктөр аркылуу татаалдашкан АТ: Жаштарга эстетикалык тарбия берүүгө көп көңүл бурулбай келгени ырас (М.Б.).

4. Бир өңчөй мүчөлөр аркылуу татаалдашкан АТ: Зарипа менен Үкүбала кайдагы бир сырларын айтып отурганы эсимде (Ч.А.).

5. Аралаш татаалдашкан АТ: Кымбат сатып, арзан алганына кубангандар, арзан сатып кымбат алганына сумсайгандар жок эмес (К.Ж.).

Сүйлөмдүн жайылма мүчөлөрү жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнөн төмөндөгүдөй белгилери боюнча айырмаланат.

Биринчиден, жайылма сүйлөм мүчөлөрү сырткы көрүнүшү боюнча өз алдынча сүйлөм мүчөлөрүнүн системасынан турат. Ал эми жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрдө мындай касиет жок. Экинчиден, жайылма мүчөлүк милдеттеги синтаксистик түрмөктөрдүн негизги компоненттери өздөрүнүн алдындагы логикалык жактан өз алдынча сүйлөм мүчөсү сыяктанган сөздөр менен лексикалык жактан тыгыз байланышып келип, бир синтаксистик бүтүндүк катары бир суроого жооп берет.

Үчүнчүдөн, жайылма мүчөлөр жөнөкөй сүйлөмдөрдүн трансформацияланышынан жасалат. Ошондуктан сүйлөмдүк мааниге тең келген кеңири маанини камтыйт. Ал эми жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн мааниси жайылма мүчөлөргө караганда тар болот. Салыштырыңыз: 1. Эне-Бейитке кетип баратканда Эдигей жаш маалынан берки башынан өткөн-кеткендерин эстеди. 2. –Кетип бараткан учурда Эдигей жалаң өткөн-кеткендерин эстеди. –1. Баратканда Эдигей өткөн-кеткендерин эстеди.

Төртүнчүдөн, жайылма сүйлөм мүчөлөрү контексттен бөлүнүп алынып, өз алдынча колдонулганда түрмөктүк касиетин жоготуп, бирдиктүү бир жайылма мүчө катары каралбастан, ар бир компоненти жөнөкөй сүйлөмдүн өз алдынча мүчөсү катары каралып калат. Ал эми жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөр өз алдынча алынганда да контексттеги негизги маанисин сактап калат. Мисалы, салыштырыңыз: **«Күчүң жете турган ишке асылгын»** деген сүйлөмдөгү **«Күчүң жете турган»** деген атоочтук түрмөктү өз алдынча колдонсок, өзүнчө сүйлөм болуп калат: **Күчүң** –ээси, **жете турган** – баяндооч. Ал эми **«кетип бараткан учурда»** деген тутумдаш жана **«баратканда»** деген жөнөкөй атоочтуктар контексттен бөлүнүп алынганда деле контексттегидей мааниде колдонулат.

Бешинчиден, жайылма мүчөлөрдүн компоненттеринин арасына аларды маанилик жактан толуктап турууучу сөздөр кошулуп айтыла берет. Ал эми жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттеги сөздөрдүн компоненттеринин арасына башка сөздөрдү кошууга болбойт. Мисалы: 1. Мен окуган китеп кызыктуу экен. – Мен кечээ окуган китеп кызыктуу экен.

Атоочтуктардын сүйлөм ичинде аткарган семантика- грамматикалык кызматы өтө кеңири жана дифференциалдуу мүнөзгө ээ. Алар жөнөкөй жана татаал сүйлөмдү уюштурууда чоң роль ойнойт. Жөнөкөй сүйлөмдүн составында атоочтуктар айрыкча кеңири колдонулуп, ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч,



бышыктоочтук милдеттерди аткарып келе берет. Бирок мындай кызматтарда бардык эле атоочтуктар бирдей деңгээлде катыша бербейт. Алар синтаксистик кызматы жана семантика-синтаксистик касиеттери, типтери, моделдери боюнча бири-биринен айырмаланып турат.

Ээлик милдеттеги атоочтуктар семантика- грамматикалык табияты жагынан затташкан жана кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар болот да, **ким? эмне? кимиси? эмнеси? кимиң, эмнең? кимдер, эмнелер?** ж.б.у.с. суроолорго жооп берет. Ал эми нагыз атоочтуктар жана окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар, ошондой эле, сирконстанттык атоочтуктар ээлик милдетти аткара алышпайт. Бул алардын семантикалык-грамматикалык табиятына байланыштуу. Атоочтуктар структуралык жактан бири-биринен айырмаланган жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма ээлик милдеттерде келет. Мисалы: Жыгылган күрөшкө тойбойт. Аз уктаган акылга бай болот (Макал). Эне дегениң (ким?) баласына дайыма ийип турат окшобойбу (Ч.А.).Сиркеси суу көтөрбөгөнү – анын оордугу. Көптөн үмүт эткен (адам) аздан куру калат (Макал). Кеч болсо да кемчилигиңди сезгениң - өзүңө-өзүң жакшылык кылганың («Ой гүлдөрү»).

Атоочтуктардын эң негизги функциясы аныктооч болуп эсептелет. Бул милдеттеги атоочтуктар, негизинен, нагыз атоочтук маанидe колдонулат. Алар жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма аныктоочтук милдеттердин баарында атооч жөндөмө формасында келет. Мисалы: Кылык- жорук ойлогон ойдун жемиши («Ой гүлдөрү»). Акыркы күлгөндүн арманы жок (Макал).

Затташкан атоочтуктар менен кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар илик жөндөмөдө келгенде гана аныктоочтук милдет аткарат. Бирок кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар мындай милдетте аз учурайт. Мисалы: Күлгөндүн билгени бар. Тилин тарткандын башы соо (Макал). Ойлоп тапкан менен көрүп жазгандын жиги билинбейт («Ой гүлдөрү»).

Аныктоочтук милдеттеги атоочтуктар да жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма аныктоочтук милдеттердин баарында келе берет.

Сүйлөмдүн **толуктооч** мүчөсүнүн милдетин ээлик милдеттегидей эле толук затташкан атоочтуктар жана кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар аткарып келет. Бирок алар атооч эмес, барыш, табыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн биринде туруп, сүйлөмдүн баяндоочу менен байланышып, негизги кыймыл-аракет багытталган тигил же бул чактагы кыймыл-аракетке байланыштуу болгон объектини жана фактыны көрсөтүп, **кимге? эмнеге? кимди? эмнени? кимден? эмнеден?** сыяктуу суроолорго жооп берет. Жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда атоочтуктар толуктоочтун бардык түрлөрүнүн (жөнөкөй, тутумдаш, жайылма) кызматында келе берет. Мисалы: Корккоңго кош көрүнөт. Көп убада бергенден кач. Жок дегенге даабады (М.Б.).Билек жирей албаганды билим жирейт (Макал).

**Бышыктоочтук милдетте**, көбүнчө, семантика-грамматикалык табияты боюнча атоочтуктардын өзгөчө тобу катары каралган сирконстанттык атоочтуктар жана окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар келет. Бирок алар синтаксистик жактан бышыктоочтун бардык маанилик топторунун милдеттеринде бирдей деңгээлде келе бербейт.

жыйналган материалдарга таянганда, атоочтуктар мезгил жана сыпат бышыктоочтук милдетте өтө көп кездешет, себеп бышыктоочтук милдетте аларга караганда азыраак, орун жана максат бышыктоочтук милдетте андан да аз колдонулат. Ал эми сан- өлчөм бышыктоочтук милдетте өтө сейрек кездешет.

**Мезгил бышыктоочтук милдетте** жалаң сирконстанттык атоочтуктар келет. Алар жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мезгил бышыктоочтук милдеттердин баарында келе берет. Мисалы: Карыганда көр дөөлөттү (Макал). Төрт тарабым шай болсун десең, бешенемден бакыт жаап турган чакта дагы дос-жар арттырууга умтул («Ой гүлдөрү»). Какшык сөз чындыкка таянганда өлтүрө жаралайт («Залкар ойлор»).

**Сыпат бышыктоочтук милдетте,** негизинен, фактылык маанидеги сирконстанттык атоочтуктар жана окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар активдүү колдонулат. Алар сыпат бышыктоочтун бардык түрлөрүндө (жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сыпат бышыктоочтук) милдеттерде келе берет.Мисалы: Үңкүйбөстөн канатымды жайдым да, мен эртеңге кенен арыш таштадым (Г.М.). Кеңгиреген боюнча Эр Кошойго барганы («Манас»). Токтогулдун жүрөгү бир жамандыкты сезген сымал кабынан чыгып кетчүдөй болк этти (Т.К.).

**Себеп бышыктоочтук милдетте,** көбүнчө, фактылык маанидеги сирконстанттык атоочтуктар келет. Алар жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сыпат бышыктоочтук милдеттердин баарында келе берет. Мисалы: Таң калганынан Орозкулдун кеби оозунан түштү (Ч.А.). Өткөн кышта мен чөп берсем, сага эмес, малга боорум ачыгандан бергем (Ч.А.). Түн кирип калган себептүү алар ишин бүтүрбөй эле үй-үйлөрүнө кайтышты.

**Атоочтуктар орун бышыктоочтук милдет аткарганда** «жер», «жак», «тарап» сыяктуу лексикалык конкретизаторлор айкашып келип, сүйлөмдүн баяндоочу менен байланышып, кыймыл-аракет багытталган, ишке ашкан, башталган орунду көрсөтөт. Алар аналитикалык жана синтетика – аналитикалык жолдор менен жасалгандыктан, жөнөкөй орун бышыктоочтук милдетте келбестен, тутумдаш жана жайылма орун бышыктоочтук милдеттерде гана келет. Мисалы: Ал башы оогон жакка кете берет (Ч.А.).Наадандык өкүм сүргөн жерде бейпилчилик жаа бою качып, үй-бүлөдө да тынчтык болбойт («Ой гүлдөрү»).

**Максат бышыктоочтук милдетте** барыш жөндөмө мүчөсүн кабыл алып, негизги кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын билдирип турган **–ган** жана **–ар, - бас** формасындагы атоочтуктар же «үчүн» жандоочу менен айкашып келген атооч жөндөмөдөгү **-ган** атоочтугу келет. Алар: **эмне үчүн? эмне максатта? кандай максат үчүн?** деген сыяктуу суроолорго жооп берип, жөнөкөй, тутумдаш, жайылма максат бышыктоочтук функцияларды аткарат. Мисалы: Бирөө ичерге суу таппай жүрсө, бирөө кечүүгө кечмелик таппайт (Макал). Көп жаңылбаска көп окуш керек. Эч нерсенин дымын билдирбеске атын өзгөртүп алышты. Дат деп отуруп калбас үчүн бул ишке баш оту менен кириште. Бир тамчысын талаага кетирбеске аябай сактык менен сасыган суудан оболу Кирискиге куюп берди (Ч.А.).



**Атоочтуктардын сан-өлчөм бышыктоочтук милдет аткарышы.** Атоочтуктар өз алдынча турганда сан-өлчөмдүк маанини билдирбейт. Ошондуктан атоочтуктар сан-өлчөм бышыктоочтук милдет аткарганда сан-өлчөмдүк маанини камтыган аналитикалык жана синтетикалык элементтер менен өз ара тыгыз айкашып келет (Мусаев, 1987,81-82). Ушуга байланыштуу атоочтуктар жөнөкөй сан-өлчөм бышыктоочтук милдетте кездешпестен, тутумдаш жана жайылма сан-өлчөм бышыктоочтук милдеттерде колдонулат. Мисалы: Колун сунса жеткидей эле жерден көргөм (Ч.А.). Бала - болуп башына жүн чыккандан бери мындайды көргөн эмесмин. Эр жетип аштан, суудан калганга чейин ал эч кимдин көзүн караган эмес. Көз ачып башы жерге киргенге дейре ушул элпек момун мүнөзүнөн жанган жок. Жолборсту жеңгенден бери “бала баатыр” атка конду (С.К.).

Атоочтуктардын баяндоочтук милдети түркологиялык илимий адабияттарда, анын ичинде кыргыз тилинде да бир топ карама-каршылыктуу түрдө берилип жүрөт.

Көпчүлүк илимий грамматикаларда атоочтуктардын баяндоочтук милдет аткарышы туура эмес берилип келет (Иванов, 1959, 103- 105; Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, 1980, 421-428). Мисалы, 1980-жылкы «Кыргыз адабий тилинин грамматикасында» «Токо карагайдын бутагына минип отурган (А.Т.). Кыйналбай таап аларын ойлоп кубанып бара жаткан (М.Б.)» деген сыяктуу мисалдар келтирилет.

С.Үсөналиев менен В.Мусаеванын «Кыргыз тили» аттуу окуу китебинде «Ал эрикkенде Мыскалдыкына баруучу. Мен кат жаза элекмин. Туулганмын эл ичинде, өскөнмүн эл четинде» сыяктуу мисалдар берилет (Үсөналиев, Мусаева, 1998, 93-95).

В.Н.Тадыкиндин «Причастие в алтайском языке» аттуу монографиясында «Адам курортко кече атганган.- Атам курортко кечээ аттанган. Арканын кары эли тургуза кайылгалак. - Арканын кары алигече эрий элек» деген мисалдар көрсөтүлөт (Тадыкин, 1971, 158). Ал эми Ж.Болатовдун «Синтаксис причастия в казахском языке» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын авторефератында «Арка тутып алыста, айбынам деп ойлагам.- Арка тутуп алыста, тирегим деп ойлогом» деген мисалдар келтирилет (Болатов, 1955, 23).

Бирок бул мисалдардагы *минип отурган, бара жаткан, баруучу, жаза элекмин, туулганмын, өскөнмүн, аттанган, эрий элек, ойлогом* деген сөздөр нагыз этиш деп берилбестен, атоочтук деп берилет. Бул сөздөрдүн мындай берилиши,биздин оюбузча, этиш менен этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы болгон атоочтуктардын чаташуусун пайда кылат. Мындай типтеги, милдеттеги, сөздөрдү атоочтуктар дебестен, жөн эле нагыз этиш сөздөр деп кароо максатка ылайыктуу. Анткени, биринчиден, жогоркудай типтеги сөздөр нагыз этиштик гана касиетке ээ болуп турат (кыймыл-аракетти гана көрсөтөт), ал эми атоочтук касиети жок.

Экинчиден, атоочтуктарга жак мүчөлөр жалганып келбейт. Жак мүчөлөр менен келген **–ган, -ар, -бас, -оочу/-уучу, -а (й) + элек** формасындагы

сөздөр атоочтук эмес, этиш болот. Ал эми бул формалар этиштин чактарын уюштуруучу формалар болуп эсептелет (Орузбаева, 1955, 23-24).

Үчүнчүдөн, мындай сөздөр качан гана синкреттүү табиятка ээ болуп, бир эле мезгилде этиштик-сын атоочтук же этиштик-зат атоочтук белгиге,б.а., кыймыл-аракеттик-белгилик, кыймыл-аракеттик- заттык мааниге ээ болгондо гана «атоочтук» деген термин менен атайбыз. Салыштыр: Бул эмне үчүндүр айлындагы чөп чабуучу (кандай?) тектирчени элестетчү (М.Б.). - Ал керели-кечке чарчадым-арыдым дебей чөп чабуучу (Ш.Б.).

Бул мисалдарда –**уучу** мүчөсү аркылуу жасалган «чөп чабуучу» деген сөз – атоочтук, ал эми –**уучу** – атоочтукту уюштуруучу мүчө. Анткени, бул учурда аталган форма аркылуу жасалган сөз кыймыл-аракетти заттын (тектирченин) белгиси катарында көрсөтүп, **кандай**? деген суроого жооп берип турат. Ал эми экинчи сүйлөмдө чөп чабуучу деген сөз – нагыз этиш, ал эми ага жалганган – **уучу** формасы – адат өткөн чактагы кыймыл-аракетти билдирүүчү мүчө. Ал сөз **эмне кылчу?** деген суроого жооп берет.

Элине таянган баатырды (кандай? - -ган формасы аркылуу уюшулган атоочтук) эч ким жеңе албайт.- Баатыр элине таянган (эмне кылган? – жалпы өткөн чактагы этиш). Корккондо (кимге? – заттык маанидеги атоочтук) кош көрүнөт. – Ал киши корккон (эмне кылган? – жалпы өткөн чактагы этиш). Берер (кандай? - -ар формасы аркылуу уюшулган атоочтук) киши берешен. Ал китепти мага берер (эмне кылар? – арсар келер чактагы этиш).

Бирок, мындан атоочтуктар баяндоочтук милдет аткарбайт деген жыйынтык чыгаруудан такыр алыспыз. Анткени толук затташкан атоочтуктар жана кыймыл атоочтук маанидеги же актанттык атоочтуктар, өзгөчө позицияда келгенде,б.а, ээси да, баяндоочу да атооч жөндөмөдө турган сөздөрдөн түзүлгөн сүйлөмдөрдө баяндоочтук милдетти аткарат. Ошондуктан атоочтуктар баяндоочтук милдетте башка синтаксистик функцияларына караганда азыраак кездешет.

Баяндоочтук милдеттеги атоочтуктар бир эле мезгилде кыймыл-аракеттик- заттык касиетти камтып, синкреттүү табиятка ээ болуп, сүйлөмдүн субьектисинин кимдигин, эмнелигин билдирип, **ким? эмне? кимдер? эмнелер? кандай? кайсы**? сыяктуу суроолорго жооп берип турат да, жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма баяндоочтук милдет аткарып келет. Мисалы: Концертке келгендер – көбүнчө ошол кечээнин катышуучулары (М.Б.). Булар – сыйлангандар. Өкмөт кишисинин камчы көтөргөнү – эсиргени, жөн абышканын камчы көтөргөнү - эркелеткени (Т.С.). Кечиксең да кемчилигинди сезгениң - өзүнө-өзүң тарбия бергениң, өзүнө-өзүң жакшылык кылганың (Т.С.). Бул – эң жакшы окуганы. Бийик дегени- ыйык дегени (Т.С.).

***III бөлүмдө* –«Атоочтуктардын деривациялык типтери»**- синтаксистик деривациянын ыктары жөнүндө кыскача түшүнүк берилүү менен бирге, жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалышындагы өзгөчөлүктөр иликтенди.

Жөнөкөй сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтуктардын деривациялык типтерин уюштурууда синтаксистик деривациянын трансформация жана



перифразалаштыруу ыктары көп колдонулат. Ал эми каузация жана кеңейтүү ыктары дээрлик колдонулбайт. Трансформациялык деривациянын да компрессиялык тиби аркылуу гана уюшулуп, контаминациялык тиби аркылуу уюшулбайт.

Жөнөкөй сүйлөм мүчөсүнүн милдетинде келген атоочтуктардын **компрессиялык** деривациясынын төмөнкүдөй типтери бар.

1.Морфемалардын компрессиялануусу аркылуу түзүлгөн атоочтуктар. Мисалы: 1.Унчукпаганың макул болгонуң. ⇒ Унчукпаган – макул болгон. 2. Укканың – уламал, көргөнүң – көзөмөл. ⇒ Уккан – уламал, көргөн – көзөмөл.

2.Лексикалык бирдиктердин компрессиялануусу аркылуу түзүлгөн атоочтуктардын деривациялык тиби. Мисалы: 1. Ал залда отургандардын суроолоруна жооп берди. ⇒ Ал отургандардын суроолоруна жооп берди. 2. Танабай өз өмүрүндөгү өткөн- кеткен иштерин ойлоду. ⇒ Танабай өткөн-кеткен иштерин ойлоду.

Жөнөкөй сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтуктардын деривациялык типтерин уюштурууда синтаксистик деривациянын **перифразалаштыруу** ыгын да төмөнкүдөй эки типке бөлүп кароого болот.

1.Операнддагы атоочтуктар дериватта лексикалык жана грамматикалык жактан синонимдеш эквиваленттери менен алмаштырылып колдонулат. Мисалы: 1. Кылт этсең-бүткөнүң. ⇒ Кылт этсең - өлгөнүң. 2. Кемчилиги көп адамдын кемсинтээри көп болот. ⇒ Кемчилиги көп адамдын кемсинтүүчүсү көп болот. ⇒Кемчилиги көп адамдын кемсинте турганы көп болот.

2.Кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар менен кыймыл атоочтордун алмаштырылып колдонулушу аркылуу да деривациялык сүйлөмдөр түзүлөт. Мисалы: Мен барар- барбасымды айта албайм. ⇒ Мен барыш- барбашымды айта албайм.

Тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетиндеги атоочтуктардын төмөнкүдөй деривациялык типтерин белгилөөгө болот.

**I.Компрессиялык трансформация.**

I.1. Тутумдаш мүчөлүк милдеттеги атоочтуктар жалаң ядролук компоненттерден турган атоочтук түрмөктөрдүн биринчи компонентинин трансформацияга дуушар болуп компрессияланышы аркылуу деривацияланат. Мисалы: 1. Китепти көп окуган көп билет. ⇒ Көп окуган көп билет. 2. Аскерге бара жаткандардын арасынан Санжар обочо бөлүнүп, Шарапат менен акыркы ирет коштошуп, аманат сөздөрүн айткан. ⇒ Бара жаткандардын арасынан Санжар обочо бөлүнүп, Шарапат менен акыркы ирет коштошуп, аманат сөздөрүн айткан.

I.2. Тутумдаш мүчөлүк милдеттеги атоочтуктар жайылма мүчөлүк милдеттеги жалаң ядролук компоненттерден турган атоочтук түрмөктөрдүн 2-компонентинин компрессияга дуушар болуп, натыйжада анын грамматикалык морфемаларын этиштин формаларынан турган биринчи компонентинин кабыл алуусу аркылуу деривацияланат. Мисалы: 1. Сабырбек дулдуюп унчукпаган бойдон машинанын жанына келди. ⇒ Сабырбек дулдуйган бойдон машинанын жанына келди. 2. Ал зуулдап бараткан боюнча жапыз кашаттан көлгө секирди. ⇒ Ал зуулдаган боюнча жапыз кашаттан көлгө секирди.

**II. Перифразалаштыруу**. Тутумдаш сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтуктардын перифразалаштыруу ыгы менен түзүлгөн синтаксистик деривациясынын төмөнкүдөй типтерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

II.1. Жандоочтор менен айкашып келип, тутумдаш мүчөлүк милдет аткарган атоочтуктардын жандоочтук компоненти башка жандоочтор менен алмаштырылып колдонулушу аркылуу алардын деривациялык типтери уюшулат. Мисалы: 1. Келери менен ал дагы тобун беш - бештен кылып бөлүштүрдү. ⇒ Келер замат ал дагы тобун беш- бештен кылып бөлүштүрдү. 2. Адам ооруганга чейин ден соолуктун кадырын билбейт. ⇒ Адам ооруганга дейре ден соолуктун кадырын билбейт.

II.1.2. Жандоочтор менен айкашып келген жогоркудай атоочтуктар этиштин башка формалары, чакчыл жана кыймыл атоочтор менен да алмаштырылып колдонулуп, синтаксистик деривация түзүлөт. Мисалы, жогорку мисалдарды эле алмаштырууга болот: 1. Келиши менен болгон окуянын баарын айтып берди. 2. Адам ооруганча ден соолуктун кадырын билбейт.

III. Түз маанидеги атоочтуктар өтмө маанидеги эквиваленттери, тактап айтканда, атоочтуктар менен аяктаган туруктуу сөз айкаштары менен алмаштырылып колдонулганда, кийинкилери тутумдаш сүйлөм мүчөлүк милдет аткарат. Мисалы: 1. Качан болбосун, унчукпастан дан салып жүрө берет. ⇒ Качан болбосун кабагым кашым дебестен дан салып жүрө берет. 2. Сатып алуучулардын кылык - жоругуна жараша бирде күлүп, бирде кабагы чытылган сатуучу аялдын колу тынымсыз кыймылда. ⇒Сатып алуучулардын кылык - жоругуна жараша бирде күлүп, бирде капаланган сатуучу аялдын колу тынымсыз кыймылда.

Жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын синтаксисттик деривациясына караганда сүйлөмдө дайыма жайылма мүчөлүк милдет аткаруучу атоочтук түрмөктөрдүн синтаксистик деривациясы кеңири масштабдуу жана кепте өтө жыш колдонулат. Кыргыз тилиндеги атоочтук түрмөктөрдүн деривациялык типтери С.Ж.Мусаев тарабынан терең иликтенген (Мусаев, 1987, 105-149). Ошондуктан биз атоочтук түрмөктөрдүн деривациялык типтерине кайрадан токтолуп отурбастан, жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардан жайылма сүйлөм мүчөлүк милдеттеги атоочтук түрмөктөрдүн синтаксистик деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн гана белгилеп өтөбүз. Алар төмөнкүлөр:

I. Атоочтук түрмөктөр синтаксистик деривациянын бардык ыктары боюнча деривацияланат.

II. Жайылма мүчөлүк милдеттеги атоочтук түрмөктөр жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардан айырмаланып контаминациялык трансформация ыгы аркылуу да деривацияланат. Мисалы: 1. Ал жаңы турмуштун эмне деген жашоо экенин жакшы билбегенден коркот. ⇒ Корккону – жаңы турмуштун эмне деген жашоо экенин жакшы билбегендиги. 2. Ал экөөнүн сөзү бири-бирине төп келбейт, ошондуктан аларга бүтүндөй



аалам деле тардык кылат. ⇒ Бири-бирине сөзү төп келбеген эки адамга бүтүндөй аалам деле тардык кылат.

III. Жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын синтаксистик деривациясынан айырмаланып атоочтук түрмөктөрдүн деривациялык типтерин уюштурууда кеңейтүү усулу да көп колдонулат. Бул методдун негизинде толук маанилүү эки сөздөн турган жалаң ядролук компоненттүү атоочтук түрмөктөрдүн тутуму 16-20 сөздөн турган татаалдашкан атоочтук түрмөктөргө чейин кеңейүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, “Келаткан дубана – муңкаган үнүн баспады” деген сүйлөмдөгү “келаткан” деген бир сөздөн турган атоочтук бир канча сөздөн турган аралаш татаалдашкан атоочтук түрмөккө чейин деривациялануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. ⇒ Келаткан… ⇒ Азап таркандар менен аралаш келаткан… ⇒ Жөө-жалаңдап качып чыгып, азап тарткандар менен аралаш келаткан… ⇒Жөө - жалаңдап качып чыгып, азап тарткандар менен аралаш араң басып келаткан…

IY. Жайылма сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтук түрмөктөр синтаксистик деривациянын перифразалаштыруу ыгы боюнча да жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктарга караганда активдүүрөөк деривацияланат. Экинчиден, жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктар, негизинен жөнөкөй перифразалаштыруу усулу менен гана деривацияланса, атоочтук түрмөктөр жөнөкөй перифразалаштыруу усулу менен катар эле конверсиялык перифразалаштыруу аркылуу да кеңири деривациялануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы: 1. Жакшы күмөн кылуу дагы жакшы ибадат кылган менен барабар. ⇒ Жакшы күмөн кылуу дагы жакшы ибадат кылганга барабар. ⇒ Жакшы күмөн кылган жакшы ибадат кылууга барабар. 2. Жериңди ырдаганың – мени ырдаганың, элиңди көтөргөнүң – мени көтөргөнүң. ⇒ Мени ырдаганың – жериңди ырдаганың, мени көтөргөнүң – элиңди көтөргөнүң.

V. Жайылма сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтук түрмөктөрдүн жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктардан болгон дагы бир айырмачылыгы-алардын каузация ыгы аркылуу да деривацияланганды гы. Атоочтук түрмөктөрдүн каузациялык деривациясы төмөнкүдөй ыкмалар аркылуу уюшулат.

1. Синтетикалык ыкма. Мисалы: Сага берген белек. ⇒ Сага берилген белек.
2. Аналитика-синтетикалык ыкма. Мисалы: Апам бычкан көйнөк. ⇒ Апам тарабынан бычылган көйнөк.
3. Синтактика-семантикалык ыкма. Мисалы: 1. Ал жакшы ойдо болгону жүзүнөн эле көрүнүп, анын кылган мамилесинен эле байкалып турчу. ⇒ Анда жакшы ойдун болгону кылган мамилесинен эле байкалып турчу. 2. Мен кызыккан китеп. ⇒ Мени кызыктырган китеп.

Акырында илимий иште каралган маселелер жыйынтыкталып, төмөнкүдөй **корутунду** чыгарылды.

**Атоочтуктар** – заттын кыймыл-аракеттик белгисин,б.а., кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтүп, грамматикалык жактан кыймыл-аракеттик-белгилик, же кыймыл-аракеттик-заттык мааниге ээ синкреттүү табияттагы

**II. Перифразалаштыруу**. Тутумдаш сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтуктардын перифразалаштыруу ыгы менен түзүлгөн синтаксистик деривациясынын төмөнкүдөй типтерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

II.1. Жандоочтор менен айкашып келип, тутумдаш мүчөлүк милдет аткарган атоочтуктардын жандоочтук компоненти башка жандоочтор менен алмаштырылып колдонулушу аркылуу алардын деривациялык типтери уюшулат. Мисалы: 1. Келери менен ал дагы тобун беш - бештен кылып бөлүштүрдү. ⇒ Келер замат ал дагы тобун беш- бештен кылып бөлүштүрдү. 2. Адам ооруганга чейин ден соолуктун кадырын билбейт. ⇒ Адам ооруганга дейре ден соолуктун кадырын билбейт.

II.1.2. Жандоочтор менен айкашып келген жогоркудай атоочтуктар этиштин башка формалары, чакчыл жана кыймыл атоочтор менен да алмаштырылып колдонулуп, синтаксистик деривация түзүлөт. Мисалы, жогорку мисалдарды эле алмаштырууга болот: 1. Келиши менен болгон окуянын баарын айтып берди. 2. Адам ооруганча ден соолуктун кадырын билбейт.

III. Түз маанидеги атоочтуктар өтмө маанидеги эквиваленттери, тактап айтканда, атоочтуктар менен аяктаган туруктуу сөз айкаштары менен алмаштырылып колдонулганда, кийинкилери тутумдаш сүйлөм мүчөлүк милдет аткарат. Мисалы: 1. Качан болбосун, үнчүкпастан дан салып жүрө берет. ⇒ Качан болбосун кабагым кашым дебестен дан салып жүрө берет. 2. Сатып алуучулардын кылык - жоругуна жараша бирде күлүп, бирде кабагы чытылган сатуучу аялдын колу тынымсыз кыймылда. ⇒Сатып алуучулардын кылык - жоругуна жараша бирде күлүп, бирде капаланган сатуучу аялдын колу тынымсыз кыймылда.

Жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын синтаксисттик деривациясына караганда сүйлөмдө дайыма жайылма мүчөлүк милдет аткаруучу атоочтук түрмөктөрдүн синтаксистик деривациясы кеңири масштабдуу жана кепте өтө жыш колдонулат. Кыргыз тилиндеги атоочтук түрмөктөрдүн деривациялык типтери С.Ж.Мусаев тарабынан терең иликтенген (Мусаев, 1987, 105-149). Ошондуктан биз атоочтук түрмөктөрдүн деривациялык типтерине кайрадан токтолуп отурбастан, жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардан жайылма сүйлөм мүчөлүк милдеттеги атоочтук түрмөктөрдүн синтаксистик деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрүн гана белгилеп өтөбүз. Алар төмөнкүлөр:

I. Атоочтук түрмөктөр синтаксистик деривациянын бардык ыктары боюнча деривацияланат.

II. Жайылма мүчөлүк милдеттеги атоочтук түрмөктөр жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардан айырмаланып контаминациялык трансформация ыгы аркылуу да деривацияланат. Мисалы: 1. Ал жаңы турмуштун эмне деген жашоо экенин жакшы билбегенден коркот. ⇒ Корккону – жаңы турмуштун эмне деген жашоо экенин жакшы билбегендиги. 2. Ал экөөнүн сөзү бири-бирине төп келбейт, ошондуктан аларга бүтүндөй



аалам деле тардык кылат. ⇒ Бири-бирине сөзү төп келбеген эки адамга бүтүндөй аалам деле тардык кылат.

III. Жөнөкөй жана тутумдаш сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын синтаксистик деривациясынан айырмаланып атоочтук түрмөктөрдүн деривациялык типтерин уюштурууда кеңейтүү усулу да көп колдонулат. Бул методдун негизинде толук маанилүү эки сөздөн турган жалаң ядролук компоненттүү атоочтук түрмөктөрдүн тутуму 16-20 сөздөн турган татаалдашкан атоочтук түрмөктөргө чейин кеңейүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, "Келаткан дубана – муңкаган үнүн баспады" деген сүйлөмдөгү "келаткан" деген бир сөздөн турган атоочтук бир канча сөздөн турган аралаш татаалдашкан атоочтук түрмөккө чейин деривациялануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. ⇒ Келаткан… ⇒ Азап таркандар менен аралаш келаткан… ⇒ Жөө-жалаңдап качып чыгып, азап тарткандар менен аралаш келаткан… ⇒Жөө - жалаңдап качып чыгып, азап тарткандар менен аралаш араң басып келаткан…

IY. Жайылма сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтук түрмөктөр синтаксистик деривациянын перифразалаштыруу ыгы боюнча да жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктарга караганда активдүүрөөк деривацияланат. Экинчиден, жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктар, негизинен жөнөкөй перифразалаштыруу усулу менен гана деривацияланса, атоочтук түрмөктөр жөнөкөй перифразалаштыруу усулу менен катар эле конверсиялык перифразалаштыруу аркылуу да кеңири деривациялануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы: 1. Жакшы күмөн кылуу дагы жакшы ибадат кылган менен барабар. ⇒ Жакшы күмөн кылуу дагы жакшы ибадат кылганга барабар. ⇒ Жакшы күмөн кылган жакшы ибадат кылууга барабар. 2. Жериңди ырдаганың – мени ырдаганың, элиңди көтөргөнүң – мени көтөргөнүң. ⇒ Мени ырдаганың – жериңди ырдаганың, мени көтөргөнүң – элиңди көтөргөнүң.

V. Жайылма сүйлөм мүчөсүнүн милдетиндеги атоочтук түрмөктөрдүн жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктардан болгон дагы бир айырмачылыгы-алардын каузация ыгы аркылуу да деривациялангандыгы. Атоочтук түрмөктөрдүн каузациялык деривациясы төмөнкүдөй ыкмалар аркылуу уюшулат.

1. Синтетикалык ыкма. Мисалы: Сага берген белек. ⇒ Сага берилген белек.
2. Аналитика-синтетикалык ыкма. Мисалы: Апам бычкан көйнөк. ⇒ Апам тарабынан бычылган көйнөк.
3. Синтактика-семантикалык ыкма. Мисалы: 1. Ал жакшы ойдо болгону жүзүнөн эле көрүнүп, анын кылган мамилесинен эле байкалып турчу. ⇒ Анда жакшы ойдун болгону кылган мамилесинен эле байкалып турчу. 2. Мен кызыккан китеп. ⇒ Мени кызыктырган китеп.

Акырында илимий иште каралган маселелер жыйынтыкталып, төмөнкүдөй **корутунду** чыгарылды.

**Атоочтуктар** – заттын кыймыл-аракеттик белгисин,б.а., кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтүп, грамматикалык жактан кыймыл-аракеттик-белгилик, же кыймыл-аракеттик-заттык мааниге ээ синкреттик табият…

тилдик категория. Алар туунду жана тубаса этиштерге – **ган, -ар, - бас, - оочу, -а (й) + элек, -гылык, -гыс, -гандай, -чудай, -а(й)+электей, -гыдай** мүчөлөрүнүн жалганып келиши аркылуу жасалган этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы.

Түрк тилдериндеги атоочтуктардын изилдениш тарыхын үч этапка бөлүштүрүүгө болот: 1)1830-жылдан 1920-жылдарга чейинки этап; 2)1920-жылдан 1950-жылга чейинки этап; 3) 1950- жылдан азыркы күнгө чейинки этап. Семантика-грамматикалык жактан атоочтуктар негизги атоочтуктар жана функционалдык атоочтуктар болуп эки топко бөлүнөт. Негизги атоочтуктар деп кепте активдүү түрдө колдонулуу менен, сүйлөмдө ар дайым синкреттүү табиятка ээ болуп турган атоочтуктарды айтабыз. Мындай атоочтуктарга **–ган, -ар, -бас, -оочу, -а,-е (й) + элек, -гандай** формалары аркылуу жасалган атоочтуктар кирет. Негизги атоочтуктар семантика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ич ара төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: нагыз атоочтуктар;толук затташкан атоочтуктар;заттык функциядагы атоочтуктар: а) кыймыл атоочтук мааниндеги атоочтуктар же актанттык атоочтуктар; б) сирконстанттык атоочтуктар;окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар.

Атоочтуктардын семантика-грамматикалык топторунун жөнөкөй сүйлөмдөгү синтаксистик функциялары бирдей эмес, дифференциалдуу мүнөзгө ээ. Ээлик милдетте негизинен затташкан атоочтуктар менен кыймыл атоочтук мааниндеги атоочтуктар келсе, аныктоочтук милдетте нагыз атоочтуктар, окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар жана затташкан атоочтуктар, функционалдык атоочтуктар келет. Толуктоочтук милдетти да затташкан жана кыймыл атоочтук мааниндеги атоочтуктар аткарат. Бышыктоочтук милдетти сирконстанттык атоочтуктар, окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар, айрым учурларда, кыймыл атоочтук мааниндеги атоочтуктар аткарат. Жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочунун милдетинде затташкан атоочтуктар жана кыймыл атоочтук мааниндеги атоочтуктар гана ( ээси да, баяндоочу да атооч жөндөмөсүндө турган сүйлөмдөрдө гана) келет.

Атоочтуктардан турган сүйлөм мүчөлөрү түзүлүшүнө карай үчкө бөлүнөт: **жөнөкөй, тутумдаш** жана **жайылма мүчө.**

Кептеги белгилүү бир негизги ойдун ар кандай синтаксистик ыктар жана каражаттар аркылуу ар башкача берилиши синтаксистик деривация деп аталат. Анын жаралышы лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорго байланыштуу. Синтаксистик деривациянын негизги ыктарына трансформация, кеңейтүү, перифразалаштыруу жана каузация процесстери кирет.

Сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалуу жолдору бири-биринен айырмалуу өзгөчөлүктөргө ээ. Жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлүк милдеттердеги атоочтуктардын деривациялык типтери синтаксистик деривациянын трансформация жана перифразалаштыруу ыктары менен гана уюшулса, жайылма мүчөлүк милдет аткаруучу атоочтук түрмөктөрдүн



деривациялык типтерин уюштурууда синтаксистик деривациянын бардык ыктары жана түрлөрү кеңири колдонулат.

**Диссертация боюнча жарык көргөн илимий эмгектер**:


1. Кыргыз тилиндеги атоочтук формалар жөнүндө // Түрк тилдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери: Чыңгыз Айтматовдун 75 жылдыгына арналган илимий- практикалык конференциянын жыйнагы.- Бишкек: БГУ, 1998.- 85-89-б.

2. Атоочтуктардын кыймыл атоочтук мааниде колдонулушу // XX1 кылымдын кадрларын даярдоонун актуалдуу проблемалары: Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференциянын материалдары.- Сүлүктү: Ош МУнун Сүлүктүдөгү филиалы, 1999.- 23-35-б.

3. Кыймыл атоочтук мааниндеги атоочтуктардын синтаксистик функциялары // Жаштар жана илим: Проблемалар жана перспективалар. Жаш окумуштуулардын жана аспиранттардын III республикалык илимий конференциясынын материалдары.- Бишкек: БГУ,1999.-93-102-б.

4. Заттанган функциядагы атоочтуктар // «Эл агартуу».2000. №5-6. -62-69-б.

5. Атоочтуктардын баяндоочтук функциялары // Жаңы кылымдагы кыргыз мамлекеттүүлүгү жана илими. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган регионалдык илимий- практикалык конференциянын материалдары.- Бишкек:СГЭИ Бат МУ, 2003. -34-376-б.

6. Тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү (атоочтуктардын негизинде) // Жаңы кылымдагы кыргыз мамлекеттүүлүгү жана илими. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдары.- Бишкек: СГЭИ БатМУ, 2003.-37-41-б.

7. Жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалуу өзгөчөлүктөрү // Кыргыз тили жана адабияты. 2004. №6.- 40-47-б.

8. Окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар // Тил жана котормо.-Үрүмчү, 2005. №3. -44-49- б.

9. Деривация жана анын типтери (атоочтуктардын негизинде) // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Сер.1, Чыгарылышы 3. 2006.-242-252-б.

## РЕЗЮМЕ

Хидирова Чолпонай Хабибуллоевна

**Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын семантика- грамматикалык функциялары жана деривациялык типтери**

10. 02. 01 – Кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация

**Негизги сөздөр:** *атоочтуктар, атоочтук түрмөктөр, синтаксистик деривация: трансформация, перифразалаштыруу, конверсия, контаминация, компрессия,* кеңейтүү, *каузация.*

Диссертациялык иште кыргыз тил илиминде алгачкы жолу атоочтуктардын семантика-грамматикалык табияты жана синтаксистик функциялары системалуу түрдө иликтенип, сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.

Атоочтуктардын семантика-грамматикалык табиятын аныктаган илимий-теориялык негизги өзөк маселелерге карата жекече көзкараш, буга чейинки изилдөөлөрдөн өзгөчөлөнгөн классификация сунуш кылынды. Иште негизги атоочтуктарды нагыз атоочтуктар, затташкан атоочтуктар, заттык функциядагы атоочтуктар: кыймыл атоочтук маанидеги атоочтуктар жана сирконстанттык атоочтуктар; окшоштуруу, салыштыруу, болжолдоо маанисиндеги атоочтуктар деген топторго бөлүштүрүү сунуш кылынды.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү атоочтуктардын синтаксистик кызматы иликтенди.

Синтаксистик деривация жана анын типтери жөнүндө түшүнүк берилип, сүйлөмдүн жөнөкөй, тутумдаш жана жайылма мүчөлөрүнүн милдеттериндеги атоочтуктардын деривациялык типтеринин жасалыш өзгөчөлүктөрү аныкталды, деривациянын трансформация, перифраза, контаминация, конверсия, компрессия, кеңейтүү, каузация сыяктуу механизмдери сыпатталды.

## РЕЗЮМЕ

Хидирова Чолпонай Хабибуллоевна

**Семантико-грамматические функции и деривационные типы причастий в кыргызском языке**

Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10. 02. 01 – Кыргызский язык

**Ключевые слова**: *причастие, причастная конструкция, синтаксическая деривация, трансформация, перифраза, конверсия, контаминация, компрессия, развёртывание, каузация.*



В диссертационной работе впервые в кыргызском языкознании через призму системного подхода определяются семантико- грамматическая природа, синтаксические функции причастий и особенности образования синтаксических деривационных типов причастий, выступающих в функциях простого, составного и развёрнутого членов предложений.

Предлагается семантико- грамматическая классификация причастий отличающаяся от других научных исследований.Причастия в кыргызском языке деляться на четыре группы: настоящие причастия; полные субстантивные причастия; причастия в субстантивной функции (причастия в значении имени действия или актантные и сирконстантные причастия); причастия со значением подобия, сравнения и предположения.

В данной работе дается понятие о синтаксической деривации и его механизмах, таких как трансформация, перифраза, развертывание и каузация. Определяются особенности образования синтаксических деривационных типов причастий, выступающих в функциях простого, составного и развёрнутого членов предложений.

## RESUME

Hidirova Cholponay Habibulloevna

**Semantic- grammatical functions and derivational types of Kyrgyz language**

The dissertation work on the competing of scientific degree of philological science.
Speciality: 10. 02. 01 – Kyrgyz language

**Key words:** *participle, participial construction, syntactical derivation, transformation, periphrasis, conversion, compression, development, cauzation.*

This dissertation is the first reseach work in Kyrgyz linguistics which systamatically describes and defermines semantic- grammatical nature, syntactical function of participle, peculiarities of formation of syntactical derivational types of participle which perform the function of simple, compound and detailed parts of the sentence.

There is a semantic- grammatical classification of participles in reseach which differs from other scientific works. The participles is classified into four groups in Kyrgyz language. They are: genuine participle, complete substantive participle, participle in substantive function (participles in the meaning of sinfinitive or actant participle and sirconstant participle), participle of similarity, comparison and supposition.

It is the first case in Kyrgyz linguistics when the syntactic functions of participles in simple sentences by the mean of systematic approach to problem.

The concept in this reseach given about syntactical derivation and its mechanisms, such as transformation, periphrasis, development and cauzation.

In this work is defined peculiarities formation of syntactical derivational types of participles which perform the functions of simple, compound and detailed parts of the sentence.